| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АИЛЬНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА |
|---|---|---|

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 27-августу №34** **Төрт-Күл айылы**

**“Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомуна Ак-Сай, Эшперов айылдарынан почта тармагы үчүн 0,03 га жер аянтын берүүгө жана Төрт-Күл айылындагы пайдаланып жүргөн почтанын имаратын “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун балансына берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине ылайык Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 26-августундагы корутундусунун негизинде Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомуна Ак-Сай айылынын маданият үйүнүн жанынан 0,03 га жер аянтын жана Эшперов айылынын маданият үйүнүн жанынан почта тармагы үчүн 0,03 га жер аянтын берүүгө жана Төрт-Күл айылындагы пайдаланып жүргөн почтанын имаратын “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун балансына берүүгө макулдук берилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.
3. Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облусттук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

***Жергиликтүү кеңештин төрагасы*** **М.Ж.Жунушалиев**